КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
Ош облусу
Алай району
Корул айылдык кеңеши

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
Ошская область
Алайский район
Корулский айылный кенеш

# Корул айылдык кеңешинин 7-чакырылышынын кезектеги 24-отурумунун

# ТОКТОМУ

**19-октябрь 2023-жыл** **№24/6** **Тогуз-Булак айылы**

**2023-2024-жаңы окуу жылына билим берүү мекемелеринин даярдыгы боюнча мектеп директорлорунун билдирүүлөрүн угуу боюнча**

Кыргыз Республикасынын «Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө» мыйзамынын 2-бөлүгүнүн 34-беренесинин 1-пунктуна таянып, 2023-2024-жаңы окуу жылына карата билим берүү мекемелеринин даярдыгын талкуулап Корул айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. Жалпы жана мектепке чейинки билим берүү мекемелердин 2022-2023-жаңы окуу жылына даярдоо боюнча бир топ алгылыктуу иштердин аткарылгандыгы белгиленсин.

2. Билим берүү мекемелериндеги иш кагаздарын жана көрнөк-жарнактарды мамлекеттик тилде так, туура жүргүзүлүшүн көзөмөлдөө мектеп директорлоруна милдеттендирилсин.

3. Мектептерде билим сапатын жогорулатууга, окуу китептери менен толук камсыз болуусуна, окуучулардын райондук, облустук олимпиадаларга катышууга көңүл бөлүп, мектеп окуучуларына бирдей формага өтүү жагы мектеп директорлоруна милдеттендирилсин.

4. Мектептердин санитардык-гигиеналык абалын жакшыртуу, 1-4 класстарга шашке тамагын уюштурууда баардык нормаларды сактоо жана азык-түлүктүн сапаттуусун колдонуу, ашканада балдарга тамак берилүүчү жайлардын абалын санитардык-гигиеналык жактан колго алуу жагы мектеп директорлоруна тапшырылып жана аны көзөмөлгө алуу жагы айыл өкмөт башчы М.Турганбаевге милдеттендирилсин.

5. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы, социалдык маселелер, билим берүү, жаштар саясаты боюнча туруктуу комиссияга жана Корул айыл өкмөтүнүн башчысы Турганбаев Мустафага милдеттендирилсин.

**Төрайым** **М.А.Абдыкадырова**